КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
БАТКЕН РАЙОНДУК
МАМЛЕКЕТТИК
АДМИНИСТРАЦИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ГОСУДАРСТВЕННАЯ
АДМИНИСТРАЦИЯ
БАТКЕНСКОГО РАЙОНА

БУЙРУК
ПРИКАЗ

____________________№___________

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы “2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегиясы жөнүндө ”№ПЖ 137 Жарлыгын ишке ашыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы “2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегиясы жөнүндө” №ПЖ 137 Жарлыгын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын 1-августундагы 193-б буйругунун негизинде, **буйрук кыламын**:

1.2025-2030-жылдарга Баткен районунда коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар мерчеми (2025-2027-жылдардын орто мөөнөтүү мезгилинде 1 этап үчүн) №1 тиркемеге ылайык бекитилсин;

2.Райондук мамлекеттик органдардын жана айыл өкмөт башчылары иш-чаралар мерчемин аткарууну камсыз кылсын;

3.Иш-чаралар мерчеминин аткарылышы боюнча маалыматты квартал сайын отчеттук мезгилдин кийинки айдын 5-числосуна чейин Баткен райондук администрациясынын уюштуруу иштери жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүү, укуктук тартип жана жарандык коргонуу, кадр маселелери боюнча адистерге берилсин.

4.Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы акимдин биринчи орун басарына жүктөлсүн.

**Аким** **У.Жоробаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 326б, 04.10.2024

Кол койгон: Жоробаев У.И., 04.10.2024